кирешелердин чыгашалардан ашып кеткенинин эсебинен бекитилген бюджетке өзгөртүүлөрдү жана тактоолорду айылдык Кенеш менен макулдашып гана киргизүү укугу берилсин.

8. Каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы жергиликтүү бюджетти аткаруу учурунда киреше бөлүгү ашыгы менен аткарылса, анда үстөк каражаттарды Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан коюлган социалдык көйгөйлөрдү чечүү маселелерине, улуттук жана мамлекеттик программаларды жүзөгө ашырууга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун, жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын токтомдорун аткарууга, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди колдоого, коммуналдык тейлөөлөрдөгү карызды жабууга жумшалуусун, эгер муктаждык пайда болсо, өзгөчө кырдаалдын кесепетин жоюуга, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына убактылуу каржылык жардам көрсөтүүгө, ошондой эле мындан тышкаркы сатыктарга жана чыгашаларга иштетилишин алдын ала мерчемдөөсү зарыл.
9. Каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы тарабынан Кыргыз Республикасынын каржы Министрлигинин Ысык-Ата башкармалыгына 2022-жылга карата чыгашалардын сметасы жиберилсин.
10. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жыргалчылыгын жогорулатуу максатында, алардын жашоо турмуш шартын изилдөө менен арыздардын түшүүсүн эске алуу менен 2,0 – 5,0 миң өлчөмүндө материалдык жардамдардын көрсөтүлөт, түзүлгөн жагдайга жараша айылдык Кенеш менен макулдашканда гана каржылануусу жогорулайт.
11. Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин атайын эсебине ата-энелер тарабынан төлөнүүчү бир күндө ар бир балага 70 сом өлчөмүндөгү тамак ашка болгон 2023-жылга нормативи бекитилсин.
12. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кочкорбаев айылдык Кеңешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Э. Токбергенов